## ПЕДАГОГИКА. ФИЛОЛОГИЯ

*Ибраев А.Д., Абдулдаева Н.С., Семетов М.К.*

# WEB-ТЕХНОЛОГИЯНЫН ДИДАКТИКАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ ПАЙДАЛАНУУ

*Ибраев А.Д., Абдулдаева Н.С., Семетов М.К.*

# ДИДАКТИЧЕСКИЕ ВОЗМОЖНОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ WEB – ТЕХНОЛОГИЙ В УЧЕБНОМ ПРОЦЕССЕ В ВУЗАХ

*A.D. Ibraev, N.S. Abduldaeva, M.K. Semetov*

# DIDACTICAL POSSIBILITIES OF USING WEB-TECHNOLOGY IN EDUCATIONAL PROCESS AT UNIVERSITIES

*УДК: 371.3: 681.518*

*Макалада азыркы учурдагы жаңы технологияларды окуу процессинде колдонулуусу, ошондой WEB-технологиянын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн окуу процессинде пайдаланулуусу каралаган.*

*The article deals with the use of new technologies in the learning process, and also considered the possibility of WEB-technologies in the learning process.*

Республикадагы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маселеси азыркы күндө педагогикалык жамаатчылыкка коюлган негиздүү талаптардын бири болуп калды. Жаш муундарга сапаттуу билим берүүгө ылайыктуу шарт түзүү, окуу жайларын жаңы материалдык техникалык база менен чыңдоо жана окутуучулардын профессионалдык деңгээлдерин жогорулатуу маселеси дагы бүгүнкү күндүн актуалдуу проблемаларынан болуп эсептелет.

Жогорку окуу жайларында жаңы малыматтык технологияларды окуу процессинде пайдалануу проблемасы өзгөчө көңүлгө алынууда. Азыркы убактагы маалыматтык өнүгүү көптөгөн проблемаларды пайда кылууда, алардын ичинен эң маанилүүлөрүнүн бири болуп, окуу процессинде жаңы маалыматтык технологияларын пайдалануу проблемасы саналат. Окутууну автоматташтыруу менен байланышкан маселелер өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, себеби техникалык каражаттарсыз эски методдор менен окутууда окутуунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү экендиги анык. Окутууну автоматташтыруунун жеткиликтүү формасы болуп ЭЭМ дин колдонулушу саналат.

Маалыматтык технологияларды колдонуу окуу процессин автоматташтырууга мүмкүндүк түзүп, окутуучулардын методикалык иш аракеттерин жеңилдетүүгө жардам берет. Ушундан улам ар түрдүү «электрондук окутуу каражаттарын» жана методикалык колдонмолорду компьютердин жардамы менен түзүү бир топ маанилүү касиеттерге ээ болот. Биринчиден бул, процесстин өзүн автоматташтыруу жана маалыматтарды ар түрдүү керектүү формаларда сактоо болсо, экинчиден – чектелбеген көлөмдөгү маалыматтар менен иштөө болуп эсептелет. Окуу процессинде жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу студенттердин муктаждыктарына жооп бергидей жаңы окуу методикалык колдонмолорду иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт. Иштелип чыккан окуу методикалык куралдар, окуу процессинин жана азыркы илимий изилдөөлөрдүн бирдимдигин камсыз кылат.

Билим берүүнүн предметке багытталган (традициялуу) парадигмасынан инсанга багытталган (инновациялык) парадигмасына өтүшү билим берүү процессинин бардык компоненттеринин өзгөрүүсүн, аны менен катар окуу каражаттарынын өзгөрүшүн дагы талап кылат. Бул жагдай өз кезегинде жаңы программаларды жана окуу китептерин психологдук-педагогдук көз караштан негиздөөнү, иштеп чыгууну актуалдаштырат. Инсанга багытталган билим берүү балдардын жекече жөндөмдөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн болушунча толук ачууга шарт түзө турган атайын өнүктүрүүчү (баарынан мурда предметтик) чөйрөнү түзүүнү талап кылат.

Жогорку окуу жайларындагы жүрүп жаткан компьютерлештирүүдөн соң, кафедраларда студенттердин иштерине көзөмөл жүргүзүү, маалымат ресурстарын бөлүштүрүү, кафедрага тийиштүү болгон предметтер боюнча окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана жаңы маалыматтык технологияларды окуу процессинде пайдалануу боюнча улам жаңы проблемалар пайда болууда.

Окуу жайдын бардык адистиктери боюнча окуу процессинде маалыматтык технологияларды пайдалануу азырынча тийиштүү көрсөткүчкө жетише элек. Мындай абал кафедралардын лабораториялык иштери боюнча фондуларынын жоктугунан, предметтер боюнча студенттерди окутууда окутуунун тийиштүү программалык камсыздоолорунун жетишсиздигинен, окутуучулардын компьютерде иштөө, пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнүн жана көндүмдөрдүн жоктугунан ж.б. пайда болууда.

Бул проблемаларды жоюуга карата окуу

процессинде жана студенттердин өз алдынча иштеринде алардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында Web – технологиясын колдонуу эффективдүү натыйжа берет. Лабораториялык иштер үчүн методикалык сунуштарды жана сунушталуучу тапшырмаларга карата типтүү мисалдардын аткарылыш жолдорун окутуучу Web баракчасында чагылдыра алат. Ар бир студентке өз алдынча иштердин тапшырмаларын, же лабораториялык иштерди сунуштоонун алдында, окутуучу студенттердин аткаруу жөндөмдөрүнө жана алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алышы керек жана ага жараша тапшырмаларды бөлүштүрүүсү зарыл.

Студент окутуучу тарабынан берилген белгилүү иш-аракетти аткаргандан кийин тийиштүү ориентирлердин негизинде өзү жасаган ишти талдайт: күткөн талап аткарылдыбы, эгерде аткарылса, кандай аткарылды, аткарылган иш аны курчаган кишилердин, окутуучунун купулуна толдубу ж.б.у.с. маселелерге жооп издейт. Бул учурда ал башка студенттердин сапаттарын үйрөнүп, аны өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү менен салыштырып, өзүн өзү баалоого мүмкүндүк алат да, өзү жөнүндө бир бүтүмгө келет.

**Окуу процессинде WEB – технологияны пайдалануу үчүн төмөндөгү иш аракеттер аткарылышы зарыл:**

**1. Кафедраларда WEB – серверин түзүү жана жетектөө.** Кафедрада акыркы муундагы жана чоң көлөмдөгү эске тутуусу болгон компьютердин болуусу кажет. WEB – сервер студенттер үчүн проектилерди жана лабораториялык иштерди сактап туруучу маалымат борбору болууга тийиш. WEB – серверин жетекчилер, окутуучулар жана студенттердин өздөрү дагы маалыматтар менен камсыздап туруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ боло алат. WEB – сервер кафедрага тийиштүү окутуу материалдарын жана окутуучулар даярдаган WEB – баракчаларды түзүүгө, сактоого жана кошумчалап турууга ылайыкталат. WEB – сервер окуу жайдын бардык локалдык түйүнүнө кошулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**2. Бардык курстарды окутууда WEB – технологиясын пайдалануу.** Кыска убакыттын ичинде WEB – технологиясын колдонуу менен студенттердин көндүмдөрүн калптандыруу үчүн HTML тилинде түзүлгөн окутуучу программалардын, курстардын структурасын түзүү керек. Алардын негизинде атайын скрипт тилдерин жана WEB – программаларын пайдаланууга карата студенттердин көндүмдөрүн калыптандыруу зарыл.

**3. Кафедранын лабораториялык иштерин WEB – технологияга которуу.** Кафедранын окуу процессинде WEB – технологиясын пайдаланууну уюштуруу үчүн көптөгөн эмгек талап кылынат. Лабораториялык иштерди WEB чөйрөсүнө которууда кедергисин тийгизүүчү проблемалар болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- практикалык жана лабораторялык иштерге тийиштүү болгон керектүү тексттердин максатка ылайыктуу эместиги;
- лабораториялык иштер үчүн алгоритмдердин, программалардын жоктугу;
- кафедрадагы адистердин WEB чөйрөсүндө программалоого жана атайын арналган башка программалар менен иштөө көндүмдөрүнө ээ эместиги.

Кафедрадагы лабораториялык иштердин бардыгы WEB чөйрөсүнө которулуп, WEB – серверге катталган соң сервердин локалдык түйүнүнө кошулган компьютерлердин бардыгында көрүү, иштөө мүмкүнчүлүктөрү пайда болот. Керектүү лабораториялык ишти же маалыматты издеп табууга жана компьютерден компьютерге көчүрүүгө ж.б.у.с. кеткен убакыттын керексиз сарпталышынан, убаракерчиликтен окутуучу, ошондой эле студент дагы арылат. Бул учурда иллюстративдик көргөзмө куралдарын пайдалануунун эффективдүүлүгү жогорулайт. Жалпылаштырып айтсак, WEB – технологиясын пайдаланып предметти өздөштүрүүдө студенттердин видео-графикалык, үндүк жазылыштагы лекцияларды, аудио-видео конференцияларды ж.б. пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт.

**4. WEB чөйрөсүнө которулган бирдиктүү лабораториялык иштердин базасын түзүү.** Лабораториялык иштердин бардыгы бирдиктүү база катарында WEB – серверге катталышы студенттердин өз алдынча иштерине жана курстук, дипломдук иштерин аткарууга чоң жардамын тийгизет жана окшош маалыматтардын кайталануусунан сактайт.

**5. Студенттердин чыгармачылыктарын баалоо таблицасын түзүү жана рейтингдерин аныктоо.** Окутуучунунр студенттердин рейтинг көрсөткүч таблицаларын түзүп, WEB - серверге жарыялоого мүмкүнчүлүгү бар жана алардын өз алдынча чыгармачылык менен аткарган проектилерине, лабораториялык жумуштарынын аткарылышына байкоо жүргүзө алат жана баалай алат. Окуу процессинде жаңы маалыматтык технологиясын пайдалануудан пайда болгон мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде, компьютер аркылуу сүйлөшүүнү уюштуруучу программалык камсыздоолордун жаңы түрлөрү пайда болууда. Мындай программалык камсыздоолор жаңы маалыматтык технологиялардын эң маанилүү сапаттарынын бири болуп саналат. Колдонуучунун ишмердүүлүктөрү үчүн ылайыкталган программалык жана техникалык каражаттарда психологиялык жана эргономикалык камсыздоолор түзүлүүсү зарыл.

Маалыматтарды экранга алып чыгууну уюштурууга карата эргономикалык бир катар талаптар коюлушу керек:

- экранда берилген маалыматтар түшүнүктүү, логикалык байланышта болууга тийиш жана мазмуну боюнча группаларга бөлүнүшү керек;
- маалыматтарды экранга чыгарууда түшүнүксүз коддорду, чечмелеништери оор болгон

кыскартылган сөздөрдү пайдалануудан тышкары болууга аракет кылуу керек;

- экрандын бетинде ошол мезгилде иштеп жаткан маалыматтар гана болуусу керек, башка маалыматтар менен алаксытууга болбойт.

Web-технологиясын пайдаланып, предметтер боюнча Web баракчаларын иштеп чыгуу негизинен эки баскычты өзүнө камтыйт.

Биринчи баскычында курстун маалыматтык бөлүгү пландаштырылат, б.а. Web баракчасына жарыялануучу маалыматтар, студенттердин өз алдынча иштерине сунуштала турган материалдар иштелип чыгат. Ал эми экинчи баскычта болсо сунушталуучу материалдарды программалык каражат түрүндө иштеп чыгуу б.а. жарыялануучу маалыматтарды керектүү компьютердик программалык каражаттардын жардамында Web баракчасына которуу аракеттери жүргүзүлөт.

Студенттер Web – баракчаларын түзүү үчүн ар кимиси өзүнө ыңгайлуу инструменттерди тандап алат. Алар - MS FrontPage, же болбосо Macromedia Dreamweaver, Allaire HomeSite, же 1st Page 2000 программалары болушу мүмкүн. Кээ бир студенттер жөнөкөй тексттик редакторлорду (мисалы, Notepad блокнотун) дагы колдонушат. WEB - технологиясын пайдалануу менен, окуу методикалык Web сайттарын түзүп чыгууга, алар аркылуу маалыматтарды издөөгө, сервердеги маалыматтар базаларын пайдаланууга жана алар менен иштөөгө ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Андан сырткары маалыматтык сурамжылоо жана түйүндөрдө сүйлөшүүлөрдү уюштуруу, электрондук почталарды пайдалануу, синхрондук телеконференцияларды уюштуруу, тестирлөө жана анкеталарды жүргүзүү ж.б. көптөгөн пайдалуу мүмкүнчүлүктөр ачылат. Студенттердин лабораториялык жана өз алдынча иштери үчүн тематикалык web-баракчаларын жана web-квесттерин түзүү зарылчылыктары пайда болот.

Биз сунуш кыла турган Microsoft Ресурстары, Office FrontPage 2003, Macromedia Dreamweaver 8.0 программалары Web каражаттарын иштеп чыгуунун, түзүүнүн жаңы чөйрөлөрү менен камсыздалган. FrontPage программасы, Web барактарын жаратуу жана көркөмдөө чеберчилигин жаңыдан баштаган колдонуучулар үчүн абдан ылайыктуу. Web баракчаларды жаратууга жардам бере турган башка программаларга салыштырмалуу бул программанын негизги өзгөчөлүгү болуп, анын Microsoft Office стандарттык программаларындай эле интерфейстеги башкаруу элементтеринин стандарттык түрдө жайгашуусу саналат (1-сүрөт).



**1-сүрөт.** Office FrontPage 2003 программасынын конструктордук бети

Мындан сырткары FrontPage программасы чыгармачылык иштер менен алектенген чебер программистер үчүн дагы жетиштүү деңгээлдеги жардамчы боло алат.

Microsoft Office FrontPage программасында иштөөнү жана андагы башкаруу элементтерин пайдаланууну толук өздөштүргөн соң колдонуучуларга андан жогорку баскычта турган дагы бир ыңгайлуу программанын бири – Macromedia Dreamweaver 8.0 программасы. FrontPage программасы сыяктуу эле бул программа дагы стандарттуу интерфейске ээ жана андан сырткары көптөгөн дагы башка (ASP.NET C#, XML, CSS, PHP, XSLT (Entire page), ASP VBScript, HTML,

ColdFusion) жаңы керектүү программалык каражаттарга ылайыкташкан. Macromedia Dreamweaver 8.0 программасы жогоруда келтирилген компоненттердин жардамында маалыматтар базасын жаратып, аны менен иштөөгө жана жетектөөгө дагы мүмкүндүк түзө алат.

FrontPage 2003 жана Macromedia Dreamweaver 8.0 чөйрөсүндө иштөө студенттер үчүн чоң кыйынчылыктарды туудурбайт, окутуучу анын кээ бир компоненттерин, функцияларын түшүндүрүп берүү зарыл. Алар мурда иштеп жүргөн, же үйрөнүшкөн MS Office Word, MS Office Excel программалык чөйрөлөрүндө ээ болгон көндүмдөрүн, алган билимдерин пайдалана алышат.

WEB – технологиясын пайдалануу менен биз электрондук окутуу каражаттарынын, электрондук методикалык сунуштардын, үйрөтүүчү программалардын топторун түзүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ боло алабыз. Бул технологиянын негизинде студенттердин билимдерин текшерүүгө, сурамжылоого жана эркин баарлашууга, өз алдынчалуулуктарын өркүндөтүүгө, предметке болгон кызыгууларын арттырууга, интерактивдик байланыш системаларын иштеп чыгууга ылайыктуу шарттар түзүлөт.

Жогорку окуу жайларынын окуу процессинде жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу окуу процессинин сапатын арттырууга, студенттердин өз алдынча иштерин аткаруусунда жаңы ишмердүүлүктөрдү жаратууга, өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**

1. Ажыбаев Д.М. Развитие познавательной деятельности студентов информационными средствами. Автореф. дис.... канд. пед. наук: 13.00.01. – Б., 2008. – 23 с.
2. Козаков В.А. Самостоятельная работа студентов и ее информационно-методическое обеспечение: Учеб. пособие. – К.: Высш. шк., 1990. – 248 с.
3. Мамбетакунов Э.М., Сияев Т.М Педагогиканын негиздери: Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. Б.: Педагогика, 2008.–304 б.
4. Мащбиц Е.И., Бабенко Л.П., Верник Л.В. Основы компьютерной грамотности. – Киев: Высш. школа, 1998. – 215 с.

**Рецензент: к.пед.н., доцент Карагулов Д.К.**